6. Бартольд В. В. Киргизы. Исторический очерк // Собр. соч. T.II, часть I, M, 1963.
7. Бутанаев В. Я. Хакасы из провинции Хэйлунцзян. Абакан, 2006.
8. История Сибири с древнейших времен до наших дней. – Л., 1968. – Т. I. – С. 302-303;
9. Козин С. А. Сокровенное сказание. Монгольская хроника 1240 г. – М.-Л., 1941. –Т. I. – С. 174-175;
10. Кызласов Л. Р. История Тувы в средние века. Москва, 1969
11. Кызласов Л.Р. История Южной Сибири в средние века. М., 1984. 140. Кызласов Л.Р. История Тувы.
12. Кычанов Е. И. «История династии Юань» о киргизах // Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана Т. II. Бишкек, 2003. 143.
13. Кычанов Е. И. Сведения «Юань-Ши» о переселениях киргизов в XIII веке // ИАН Кирг. ССР. СОН. T.V, вып. I., 1963.
14. Му'изз аль-ансаб фи шаджарат салатин.- Му'изз аль-ансаб фи шаджарат салатин. Рукопись Национальной библиотеки Франции Ancien fond persan 67.
15. Мукаддима-йи Зафар-нама. – Рукопись ИВР РАН – С 393. – Л. 33а; Рукопись Национальной Библиотеки Франции. – Supplement Persan 1611/II. – Л. 71б.
16. Рашид ад-Дин. Сборник летописей. Т. I, кн.1, 2. М.-Л., 1952; Т. II. М.-Л. 1960.
17. Худяков Ю. С. Кыргызы на Енисее. – Новосибирск, 1986. – С. 72-75.
18. Шаджарат ал-атрак. – Фотокопия рукописи библиотеки Британского музея АДД 261190.– Л. 70б;

**Дастанбек Разак уулу**
Ош Мамлекеттик университетинин илимий кызматкери (Ph.D.)

**ОКУМУШТУУ ВОЛЬФРАМ ЭРБЕРХАРДДЫН КЫРГЫЗДАР ТУУРАЛУУ ЖАЗУУСУ**

**Дастанбек Разак уулу**
Научный сотрудник Ошского государственного университета (Ph.D.)

**СТАТЬЯ УЧЕНОГО ВОЛЬФРАМА ЭРБЕРХАРДА О КЫРГЫЗАХ**

**Dastanbek Razak uulu**

**AN ARTICLE BY SCIENTIST WOLFRAM ERBERHARD ABOUT THE KYRGYZ**

**Аннотация.** Кыргыздардын тарыхынын көп бөлүгү кытай булактарында жатат. Бирок 19-кылымдан баштап батыш окмуштуулары эски кытай тилин үйрөнүп, кытай архивдерине кирип жүздөгөн эски кытай булактарын окуй алышкан. Ошондуктан кытай булагы сыяктуу батыштагы изилдөөлөр да кыргыз тарыхы үчүн абдан маанилүү болуп саналат. Ошол батыш окмуштуулардын бири, синолог Вольфрам Эрберхард. Ал байыркы кытай тилин үйрөнүп көптөгөн эски булактарды окуп, Кытай тарыхы, түрк элдеринин тарыхы тууралуу эмгектерди жазып илим дүйнөсүнө чоң салым кошкон. Анын эмгектери немис, англис, түрк тилдеринде жарык көрүп, башка тилдерге да которулган. Тилеке каршы анын эмгектери орусча же кыргызча которубаганы үчүн биздин коомго белгисиз боюнча калган. Ал байыркы кытай булактарына таянып байыркы түрк тектүү элдерди, анын ичинде кыргыздар тууралуу да маалымат берген. Бул макалабызда Вольфрам Эрберхарддын кыскача өмүр баяны тууралуу маалымат берүү менен бирге анын эмгегинин ичиндеги кыргыздар деген бөлүмдү которуп, кыргыз илим дүйнөсүнө жеткиргенге аракет кылабыз.

**Негизги сөздөр:** Эрберхард, кыргыздар, кытай булактары, кыргыз тарыхы, кыргыздар тууралуу жазуу.

**Аннотация.** Большая часть истории кыргызского народа содержится в китайских источниках. Однако начиная с XIX века западные ученые изучавшие древнекитайский язык, имеют доступ к китайским архивам и читают сотни древних китайских источников. Поэтому западные источники также как и китайские источники очень важны для истории Кыргызстана. Одним из западных ученых является немецкий синолог Вольфрам Эрберхард. Он изучил древнекитайский язык, прочитал множество древних источников, написал труды по истории Китая и истории тюркских народов и внес большой вклад в мировую науку. Его труды были опубликованы на немецком, английском и турецком языках и переведены на другие языки. К сожалению, его труды не были известны нашему обществу, так как не были переведены ни на русский, ни на кыргызский языки. Ведь он предоставил информацию о древних тюркских народах, в том числе и о кыргызах, основываясь на древнекитайских источниках. В этой статье, помимо информации о краткой биографии Вольфрама Эрберхарда, мы постараемся перевести «кыргызскую» главу его труда и донести ее до кыргызского научного мира.

**Ключевые слова:** Эрберхард, кыргызы, китайские источники, история кыргызов, сочинения о кыргызах.

**Abstract.** Most of the history of the Kyrgyz people lies in Chinese sources. However, since the 19th century, Western scholars have learned the ancient Chinese language, had access to Chinese archives and were able to read hundreds of ancient Chinese sources. Therefore, Western studies such as Chinese sources are very important for Kyrgyz history. One of the Western scientists is German sinologist Wolfram Erberhard. He learned the ancient Chinese language, read many ancient sources, wrote works on Chinese history and the history of Turkic peoples, and made great contributions to the world of science. His works were published in German, English and Turkish and translated into other languages. Unfortunately, his works were not known to our society because they were not translated into Russian or Kyrgyz. Because he provided information about the ancient Turkic peoples, including the Kyrgyz, based on ancient Chinese sources. In this article, in addition to providing information about Wolfram Erberhard's short biography, we will try to translate the "Kyrgyz" chapter in his work and bring it to the Kyrgyz scientific world.

**Keywords:** Erberhard, Kyrgyz, Chinese sources, history of Kyrgyz, works on Kyrgyz.

## Эрберхарддын өмүр таржымалы жана кыргыздар тууралуу жазуусу

Вольфрам Эрберхард 1909-жылы 17-мартта Германиянын Потсдам шаарында туулган. Ошол эле шаардын лицейинде окуп, латын, грек, француз жана англис тилин үйрөнөт. 1927-жылы Берлин Университетине тапшырат. Университетте эски кытай тили, бүгүнкү кытай тили, монгол, манжур, жапон, санскрит тилдерин үйрөнөт. 1933-жылы докторантурага тапшырып изилдөөлөрүн баштайт. 1934-жылы Кытайга алгачкы саякатынын жүрүшүндө айыл-кыштактарды кыдырып, храмдарда иштеп, элдик чыгармаларды чогултат [1]. Пекин Улуттук Университетинде немис жана латын тилдеринен сабак берет. Эрберхард 1936-жылы Германияга кайтып келип, Лейпцигдеги Грасси музейинин Азия бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт. Бул убакта Гитлердик диктатуранын күч алган мезгили болгон. Улутчул-фашисттер Эрберхардды өздөрүнө кошуп алуу үчүн кысымга ала баштайт. Эрберхард 1937-жылы Мосес Монделсоохн стипендиясын утуп Америкага кетет. Ал жактан музейлерди кыдырып, Калифорния Университетинде эки жолу конференция уюштурат. Ошол эле жылы Кытайга кайтып барат, бирок ал убакта Кытай-Жапон согушу башталгандыктан, Гонг-Конго өтөт. Ал жерде жүргөндө Түркиянын Анкара Университетинен профессордук сунуш берүү менен чакыруу алат. Ошентип 1937-жылдын аягында Түркияга келген Эрберхард 1948-жылга чейин Түркияда иштейт. Бул арада Түркияда синология изилдөөлөрүнүн пайдубалын түптөп анын өнүгүшүүнө чоң салым кошот [2]. Түркчө үйрөнүп университетте түркчө сабак берет. Ал синолог болгонуна карабай изилдөөлөрү Орто Азия жана эски түрк тарыхына да көңүл бурган. Ошондуктан Анкара университетинде кытай маданияты, популярдуу адабият, тарых, Кытайдагы

аз улуттар жана жергиликтүү маданияттар, кытайлар менен орто азиялыктардын мамилелери, түрк элдеринин тарыхы, социалдык жашоосу, маданияты тууралуу сабак берген [3]. Эрберхард жалпысынан 600гө жакны китеп, макала, отчет, кириш сөз ж.б. жазган. Түркияда жүргөн мезгилде 155 эмгек жазса анын 70и түрк тилинде жарыяланган. Түрк элдеринин тарыхы үчүн анын эң маанилүү түркчө жарыялаган «Кытайдын Түндүк Коңшулары» (Çin'in Şimal Komşuları) жана 1947-жылы жазган Кытай тарыхы деген эмгектери. 1947-жылы Калифорния Университетинен чакыруу алып, ардактуу өргүүгө чыкканга чейин ошол университетте иштеген. Иштеп жүргөн арада да бир нече эмгектерди жазган. 1957-жылы байыркы доордон бүгүнкү күнгө чейин Ыраакы Чыгыш тарыхы деген баалуу эмгегин жарыялаган. Бул эмгеги 1957-жылы түрк тилине которулган. Түркияда деги эле батыш дүйнөсүндө ал убака чейин байыркы доордон ошол күнгө чейин жазылган бир бүтүн Ыраакы Чыгыш тарыхы эмгеги жок болчу. Кытай, корей, жапон, гавайи, индокытай тарыхы тууралуу кенен маалымат берген [4]. Вольфрам Эрберхард 1989-жылы дүйнөдөн өткөн.

Анын *Кытайдын түндүк коңшулары* атуу эмгеги түрк элдеринин тарыхында, айрыкча кыргыз тарыхы үчүн да маанилүү болуп саналат. Бул эмгегинде түрк, монгол, тунгус жана кора уруулары тууралуу жүздөгөн дарек топтогон жана кенен маалымат берген. Эрберхард кытай булактарында 800гө жакын эл, уруу-урук тууралуу маалымат болгонун белгилейт. Эмгегинде ар кайсы элдер тууралуу өзүнчө маалымат берет. H'yunğnu Kavimleri (хун элдери) деген бөлүгүнүн үчүнчү катарында Гя-гулар (кыргыздар) деп 67-70-беттеринде байыркы кыргыздар тууралуу маалымат берет [5]. Эрберхард кытай булактарын пайдаланып, кыргыздарды он эки жаныбардуу жыл санакты колдонгон байыркы эл, түрк элдеринен айырмаланып бөрүдөн эмес, уйдан келип чыккан деп белгилейт. Алардын *ту* деген байрагы болгону, өлүктөрдү жагып, бир жыл бою аза күткөнү, темирден курал-жарак жасап сатканы, чарбачылыгы, жашаган аймактары, маданияты жөнүндө сөз кылат. Түрк тарыхнаамасында кыргыздар тууралуу анча жакшы эмес пикирлер жазылып, кыргыздарды уйгур мамлекетин талкалап, Өтүкендеги түрк маданиятын жок кылган, эзелтен келген түрк журтун монголдорго таштап кеткен деген кинелер коюлуп жаткан учурда, Эрберхарддын кыргыздар тууралуу бул жазуусу түрк тарыхнаамасындагы кыргыздар жөнүндөгү оң маанайга ыктаган эмгек болгон. Биз бул эмгекте Волфрам Эрберхарддын *Кытайдын түндүк коңшулары* китебинен кыргыздар бөлүмүн түркчөдөн кыргызчага котордук. Котормодогу кемчилик-каталар бизге тиешелүү.

**Котормо Гянгулар (Кыргыздар)**

И-вунун батышында, Эне-Сайдын түндүгүндө (Карашаар) (Тан-шу 217 б=бет. 4143 б). Хундардын батыш тарабында динлиндер менен аралаш жашашат. Чачтары кызыл түстү болот. Кара түстөгү чачтарды жактырышпайт. Көздөрү көк-жашыл. Жашаган журттары суук келет. Тару, буудай эгишет. Абдан сонун аттары бар (И-тунг-шу 554, а-б). Булар бөрүдөн тарагандардан (алар түрктөр) эмес, тескерисинче булардын ата-бабалары менсе үңкүрүндө бир уй менен чогуу жашаган.[1] Булардын чачы сары, көздөрү жашыл, сакалдары кызыл (Йу-йанг ца-цу 4, 1 б. 2 а). Көздөрү жашыл, чачтары кызыл, эркектер колдоруна, аялдар баштарына тату (татировака) жасашат. (Ю-зы-тан 106 1 б, 106 15 б).

*Хан мезгилинен бери (б.з.ч. 206 – б.з. 220).*

Маалыматтар Франк тарабынан чогултулган (Geschichte 3, 361-362). Гян-гунлар кыргыздар болуп эсептелет. Аларды *Гйе-гйе-цы* деген ат менен аташат. Х-ин тан-шу (217=бет. 4143 б) дарегинде гйе-гйецы жөнүндө минтип жазат: Булардын аты *кан Гян-гу, кан Жу-ву*. Хундар өздөрүнүн колуна түшүп калган Ли Лин аттуу кытай генералын динлиндердин өкүмдары кылып дайындаган. Бул адамдардын баары узун бойлуу, кызыл чачтуу, ак жүздүү жана жашыл каректүү. Буларды Ли-Линдин урпактары

[1] *Бул жерде автор, кыргыздарды Ашина түрктөрү сыяктуу бөрүдөн эмес, уйдан тараган деп болжолдойт. Гардизи да кыргыздардын айрымдары уйга сыйынарын эскерген. Бартольд, В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер, Бишкек. 74. б.*

дешет. Эркектери аз, аялдары көп болот. Намыстуу жана эр жүрөк келишет. Эркектер колдоруна, аялдар денесине тату жасашат. Баары бир жерде жашайт жана араларында адеп-ахлак анча жок. Жаңы жылды «Мов-шы-ай» деп аташып, булардын эсептеөөсү боюнча үч ай бир мезгилди түзөт. Алар жылды 12 жандыка карап эсептешет. Мисалы бир жыл *инь ян* деген доорго белги берсе, ал жылды кыргыздар «жолборс жылы» деп аташат.

Аба ырайы абдан суук; чоң өзөндөрдүн да жарымы тоңуп калат. Кыргыздар тарую, буудай, арпа жана бир нече өлчөмдө сулу эгишет, аларды атайын майдалай турган тегирменинен өткөрүшүп ун жасашат. Тарууну жылдын экинчи айында эгишип, жылдын тогузунчу айында жыйнап алышат. Тарууну тамак жана шарап өндүрүү үчүн колдонушат. Мөмө-жемиштери эч болбойт. Абдан ири жана күчтүү аттары бар, алардын арасында мыкты согушкандар баатыр катары эсептелет. Андан сырткары төөлөрү, уйлары жана койлору бар, бирок баарынан уйлары абдан көп. Байларынын миңдеген уйлары болот.

Жапайы жаныбарлардан; жапайы жылкы, сары койлор, элик, хуту жана жейрендер (каракуйрук) бар. Жейрендер ала кийиктерге окшош болот бирок куйруктары тигирээк жана кара. Өзөндөрүндө 7-8 карыш чоңдугунда кылкандары жок *мие* деген жана оозу жагынын алдында жайгашкан *могин* аттуу балыктары бар. Канатуулардан; бүркүт, жапайы өрдөк, карга, сагызган жана жапайы каз жашайт. Дарактары; карагай, кайың, арча, мажүрүм тал жана кайрагач бар. Дарактарынын айрымдары абдан бийик өсүп, алардын учуна чейин ок атсаң жетпейт. Эң көп өскөн дарак кайың. Кыргыздар жашаган аймактарда алтын, темир жана калай кендери табылган. Ар жамгыр жаагандан кийин темир тапса болот. Ка-ша деген бул темирдин түрүнөн абдан курч курал-жарактар жасалат. Бул темирлерден дайыма Ту-жуелерге (түрк) берип турушат. Курал катары; ок, жебе, жаа жана туулары бар. Атчан аскерлер жыгачтан калкан жасашат жана бул калкандар менен салгылаштарда буттарын корушат. Далыларына койгон тегерек калкандарды да колдонушат. Бул тегерек калкандар менен өздөрүнө каршы келген кылыч жана октордон корунушат. Өкүмдарлары өздөрүн *ажы* деп аташат, ошондуктан А-жы (А-жо) тегини (фамилия) алышкан. А-жо тегиндегилер бир туу алдында топтолушат жана кызыл түскө таазим кылышат. Башкалары урууларга жараша өздөрүн аташкан. Суусар жана кундуз терисинен жасалган кийимдерди жакшы көрүшөт. А-жо кышта суусар терисинен тебетей кийет. Жаздагы кийген тебетейлеринин курбусу алтындалган. Тебетейдин учу сүйрү, төбөсү бийик, этеги кайрылып турат. Төмөнкү катмардагылардын баары ак кийизден баш кийим (калпак) кийишет.

Кыргыздар бычак менен кайрак алып жүрүүнү жакшы көрүшөт. Кедейлери жүндөн кийим кийишет, баштарында тебетей жок. Аялдары ар түрдүү жүн кездеме, жип же болбосо *Жи-нин* жибегиненен кийим кийишет. Жибекти Ан-хи (Түркстан) түндүк сарайынан же Та-шилерден (араб-тажик) товар алмашуу жолу менен алышкан. А-жо Чинг тоосундагы сарайында жашайт, анын айланасы дубалдын ордуна тактайдан жасалган тосмо бар. Өзү токулган кездемеден жасалган Ми-ди-жы-то деп аталган чатырда жашайт. Уруу бийлери андан чаканыраак чатырларда жашашат. Баардык баш ийген уруулар менен аскер берген уруулар салык катары суусар, тыйын чычкан жана коюу түстөгү киш терилерин беришет.

Мамлекеттик кызмат катары 6 баскычка бөлүнөт; Кынчтар, башкы командир, офицер, башкы архивчи, гезал жана даган (тархан). 7 кынчтар, 3 башкы командир, 10 офицер бар. Баардык офицерлер аскерлерге кол башчылык кылышат. 15 башкы архивчи болот.[2] Гезал жана дагандардын чини болбойт. Баардык уруулар эт жешет жана жылкы кымызын ичишет. Ажого таттуу жумшак нан жасалат. Музыкалык аспаптан; ди сурнай (флавта), барабан, Шинг сурнайлары, би-ли жана гонг деген музыкалык аспаптар. Оюндары; төө жана арстан оюну, ат чуркатуу, жипте ойноо сыяктуу оюндары бар. Кудайлардын ичинен жалгыз суу жана дарактарга курмандык чалышат. Курмандык чалуу үчүн атайын күндөрү болбойт. Сыйкырчыларына ган деп коюшат. Тойлордо калың катары кой жана ат беришет, айрым байлар жүздөгөн, миңдеген

кой, жылкы калың бере алат. Эгер бирөө кайтыш болсо беттерин карайтышпайт, бирок өлүктү үч жолу тегеренишип ыйлашат жана өрттөшөт. Калган сөөктөрүн чогултуп бир жылдан кийин көмүшөт. Көмүп жаткан мезгилде да ыйлашат. Кышта үстү дарактардын кабыгынан жабылган үйлөрдө жашашат. Жазуулары жана тилдери уйгурлардыкына окшош.

Мыйзамдары өтө катаал. Харамилердин[3] баштарын дайыма кесип салышат, эгер бир харами уулду болсо, анын башын кесип атасынын мойнуна илип коюшат. Атасы бул башты өзү өлгөнгө чейин мойунундан чыгарбайт. А-жонун сарайынан уйгурлардын сарайын чейин төө менен 40 күндүк жол.

Төмөндөгү даректер абдан маанилүү болуп эсептелет. Мен бул жерде кыскача гана түшүндүрөмүн: кытай генералы Ли Лин 20 жылдан ашуун хундардын жанында калган жана б.з.ч. 74-жылы өлгөн (Хан-шу 54, 7а). Шанйүнүн кызына үйлөнгөн (Хан-шу 94а 1б, 12б). Вег Лү б.з.ч. 86-жылы хундардын жанында өлгөн (Хан шу 94а, 13б). Кытай мезгили инь ян белгиси Кытайдын он экилик мезгил жыл санагы ичинде үчүнчү белги болуп эсептелет жана 12 жаныбар мезгилдин жолборско дал келет. Ошондуктан бул он эки жаныбар мезгил жыл санагы түрк тектүүлөргө тиешелүү экендиги аныкталган (Осман Турандын он эки жаныьардуу түрк жыл санагы аттуу эмгеги менен салыштырыңыз).

Биздин текст болжолдуу 7-кылымдарды камтыса да түрк тектүүлөрдө он экилик жыл санак болгондугу тууралуу эски бир далил ортого чыгат. Гу-ту аттуу жаныбар Жо-гинг-лу (29, 6.б) деген булакта керик катары сыпатталат, уусу бар болгондугу ошол эле мезгилде ууну кайтаруучу кызматы да бар экендиги жазылат. Гу-ту сөзү ошол эле мезгилде Фергананын чыгышындагы Хотал өлкөсү да деп аталат, бул өлкөнүн өкүмдары жана калкынын бир бөлүгү Ту-жуе, калктын калган бөлүгү согду деп аталган (караңыз: W. Fuchs: Hu'-ch'aos Pilgerreise, S. 452-3) ошондуктан төмөндөгүчө которуу керек. «Сары Хоттал койлору» бирок бул да анык эмес. Сөздүн түпкү теги түркчө болсо керек. Баштапкы эки муун куттуу сөздү жазууда колдонулган: Гу-ту-лу. Шатолордун (түрк тектүү эл) бир падышасынын аты да Гу-ту-жы эле. Даган даражасы түрктөрдөгү таркан даражасына окшоштугу бар. Би-ли аттуу музыкалык аспабы хундар колдонуп жүргөн аспап. Бул тууралуу «Lokalkulturen im alten China (Tom 1 s. 199) атуу эмгегимде терең изилдеп кеңири маалымат бергемин. Төө жана арстан оюндары бий болсо керек. Асртан бийи бүгүн да Кытайдын түндүк тарабында учурайт. Булардын келип чыгышы Түркстандагы «муздак суу жөрөлгөлөрү» менен байланыштуу болсо керек. Бул жөрөлгөлөр ар жылдын аягында өткөрүлчү. Бул тууралуу да жогорудагы эмгегимде баяндалган. Жип оюндары да батыштагы ар кайсыл өлкөлөрдө бар эле. (Ю-цзы-тан 14, 2 б; И-цян-зы 42, 4б; Цзян-ху-зи, гван-зы 3, 10 а; Фынг-шы Вын-цзян-зи 6, 13; Жан Хын; Хи-зын-фу; Хяан-цзу пи-зы 6, 10 а; Лиав-зай-зы-и).

**Адабияттар:**

1. Çakmak Tülay, "Wolfram Eberhard ve Türkiye'deki Çalışmaları", Tarih ve Toplum, S. 190, (Ekim 1999), İstanbul, 1999, s. 252-256

Öztürk, Murat *Türk Tarihine Katkıları Yönüyle Prof. Dr.Wolfram Eberhard*, Fırat Üniversitesi, Y.Lisans Tezi, 2009, s. 5.

---

*[2]Бернштам А.Н. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы жана археологиясы боюнча тандалма эмгектер атуу китебинде Бичуринге шилтеме берип, кыргыздардын мамлекеттик кызматы 4 баскычка бөлүнгөндүгүн жазат. Алар: министр, башкы башкаруучулар, иш башкаруучулар, жетекчилер жана дагандар. Эрберхард гезал деп берген кызмат жетекчи экендиги бул жерден көрүнүп турат. Бишкек-2004, 45-б.*

*[3]Харами деп берген элби же күнөлүү кайсыл бир адам экендиги белгисиз. Бирок кытай жана мусулман булактарында кыргыздардын чыгышында кури, курыкан деген элдердин жашагандыгын, алардын сазда жашагандыгын, жапайы адам катары сүрөттөлөт. Алардан кыргыздардын колуна түшүп калышса тамак ичишпейт, мүмкүн болсо эле качып кетүүгө аракеттенишет дейт. Бартольд В. Кыргыз жана Кыргызстан.., 37-б.*

2. Cohen Alvin, "In Memoriam: Wolfram Eberhard, 1909-1989", Asian Folklore Studies, Vol. 49, 1990: s. 125-133.
3. Eberhard Wolfram, *Uzak Dogu Tarihi (History of the Far East)* Türk Tarih Kurumu publ., series 20, vol. 20 (World History). Ankara. 374 p.
4. Eberhard Wolfram, *Çin'in Şimal Komşuları,* Türk Tarih Kurumu, Birinci Baskı, Ankara 1942, ss. 67-70.

---

УДК: 94: 2: 398 (575.2) (04)

**Кайрат Белек**
Кыргыз-Түрк "Манас" университети
Доцент (PhD)

**"ЫДЫРЫС ПАЙГАМБАР" ЖАЗМА ЭСТЕЛИГИНИН ЧЕЧМЕЛЕНИШИ**

**Кайрат Белек**
Кыргызско-Турецский университет "Манас"
Доцент (PhD)

**ИНТЕРПРЕТАЦИЯ ПИСЬМЕННОГО ПАМЯТНИКА «ЫДЫРЫС ПАЙГАМБАР»**

**Kairat Belek**
Kyrgyz-Turkish University "Manas"
Associate Professor (PhD)

**INTERPRETATION OF THE WRITTEN MONUMENT OF "YDYRYS PAYGAMBAR"**

**Аннотация.** Бул макалада Караханиддер дооруна таандык "Ыдырыс пайгамбар" күмбөзүндөгү жазма эстеликтин чечмелениши каралды. Ыдырыс пайгамбар эстелигиндеги текст ошол мезгилдеги тил, маданият жана саясий түшүнүктөрдү тереңирээк түшүнүүгө жардам берет. Текстти жана анын контекстин кылдат изилдөө аркылуу бул макала Караханиддер доорунун жазма эстеликтеринин табиятын колго алат. Макалада Ыдырыс пайгамбар күмбөзүндөгү жазма эстелик Караханиддер доорундагы маданий, саясий жана тилдик ар түрдүүлүктүн күбөсү катары кызмат кылат жана Борбордук Азиядагы ошол мезгилдин мурасын түшүнүү үчүн маанилүү булак болуп саналат деген тыянак чыгарылат.

**Негизги сөздөр:** Караханиддер доору, Ыдырыс пайгамбар күмбөзү, жазма эстелик, Борбордук Азия, хажиб, Махмуд Кашгари.

**Аннотация.** В статье рассматривается интерпретация надписи из мавзолея "Ыдырыс Пайгамбар", относящейся к эпохе Караханидов. Текст на надгробном памятнике "Ыдырыс Пайгамбар" помогает глубже понять язык, культуру и политические концепции караханидского периода. На основе тщательного изучения текста и его контекста в статье будет рассмотрена природа письменных памятников караханидского периода. В статье делается вывод о том, что надпись на мавзолее "Ыдырыс Пайгамбар" свидетельствует о культурном, политическом и языковом разнообразии эпохи Караханидов и является важным источником для понимания наследия этого периода в Центральной Азии.

**Ключевые слова:** Эпоха Караханидов, мавзолей «Ыдырыс Пайгамбар», письменный памятник, Средняя Азия, хаджиб, Махмуд Кашгари.

**Abstract.** The spread of Islam in modern Kyrgyzstan and neighboring regions of Central Asia is associated with the era of the *Qarakhanid* state (from the middle of the 9th Century to the middle of